DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



*Абдыраева Ж.Д.*

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН КАЛЫПТАНЫШЫНЫН БАШАТЫ

*Абдыраева Ж.Д.*

## ИСТОКИ СТАНОВЛЕНИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

*Zh. Abdyraeva*

## ORIGINS OF FORMATION OF PEDAGOGICAL EDUCATION IN KYRGYZSTAN

*УДК: 37.014.71*

*Бул макалада автор Кыргызстанда педагогикалык кадрларды даярдоонун башатында турган алгачкы педагогикалык билим берүү окуу жайларынын тарыхы тескөөгө алынган. Совет бийлиги орногон күндөн тартип жергиликтүү калктын арасынан мугалимдик билимди алууга умтулган жарандардын сандык өсүшү байкалган. Мектептерде балдарды окуутуп, тарбия иштерин алып баруу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болгон кыргыздардын улуттук интеллигенциясынын негизин түзүүгө өбөлгө болгон Пржевальск, Ош, Фрунзе шаарларындагы педагогикалык окуу жайларынын орду аныкталган. Автордун пикири боюнча согуш мезгилиндеги кыйынчылыктарга карабастан Кыргызстанда билим берүү системасынын келечегин аныктоо боюнча үзгүлтүксүз иштер жүргөн. Ал иштердин жыйынтыктарынын бири катары кыз-келиндер педагогикалык институтунун ачылгандыгы аныкталган. Бул, мугалимдерди даярдоону өркүндөтүү ишинде маанилүү кадам болгон. Педагогикалык билимге ээ болгон кадрларды даярдоогу кыз-келиндер институтунун ачылышы менен бирге анын өнүгүшү кыргыз коомундагы коомдук-саясий, этномаданий трансформациялар менен байланышкан. Ошондой эле, кыз-келиндер институтунун башатында туруп, уюштуруу жөндөмдүүлүктөрү, коомдук ишмердүүлүктөрү, институттун иштерин жөнгө салуу менен бирге, мамлекеттин педагогикалык кадрларга болгон муктаждыгын канаатандырганга салым кошкон айым-ректорлорлун орду белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекет, коом, система, билим берүү, институт, педагогика, кадрлар, ректор.*

*В данной статье автор рассматривает историю первых педагогических учебных заведений, стоявших у истоков подготовки педагогических кадров в Кыргызстане. С момента установления Советской власти среди местного населения увеличилось количество граждан, стремящихся получить педагогическое образование. Обозначена роль педучилищ в городах Пржевальск, Ош, Фрунзе, которые способствовали формированию основы кыргызской национальной интеллигенции имевших возможность заниматься воспитанием детей и вести учебную работу в школах. По мнению автора, несмотря на трудности во время войны, велась непрерывная работа по определению будущего системы образования Кыргызстана. И как отмечено, одним из результатов этих работ стало открытие женского педагогического института. Это был важный шаг в совершенствовании подготовки учителей. Открытие Женского института подготовки кадров с педагогическим образованием и его развитие было связано с общественно-политическими, этнокультурными преобразованиями в кыргызском обществе. Также отмечена роль женщин-ректоров, стоявших во главе женского педагогического института, которые, благодаря организаторским способностям, общественной деятельности, регламентации работы института, внесли вклад в удовлетворении потребностей государства в педагогических кадрах.*

***Ключевые слова:*** *государство, общество, система, образование, институт, педагогика, кадры, ректор.*

*In this article, the author examines the history of the first pedagogical educational institutions that stood at the origins of the training of pedagogical personnel in Kyrgyzstan. Since the establishment of Soviet power among the local population, the number of citizens seeking to receive a pedagogical education has increased. The role of pedagogical schools in the cities of Przhevalsk, Osh, Frunze, which contributed to the formation of the basis of the Kyrgyz national intelligentsia, who had the opportunity to raise children and conduct educational work in schools, is outlined. According to the author, despite the difficulties during the war, continuous work was carried out to determine the future of the education system in Kyrgyzstan. And as noted, one of the results of these works was the opening of the Women's Pedagogical Institute. This was an important step in improving teacher training. The opening of the Women's Institute for Training Personnel with Pedagogical Education and its development was associated with socio-political, ethno-cultural transformations in the Kyrgyz society. The role of women rectors, who headed the Women's Pedagogical Institute, was also noted, which, thanks to their organizational skills, social activities, regulation of the work of the institute, contributed to meeting the state's needs for teaching staff.*

***Key words:*** *state, society, system, education, institute, pedagogy, personnel, rector.*

Совет бийлигинин орногон биринчи күнүнөн тартып чыныгы элдик билим берүү жана тарбиялоо тутумун түптөө боюнча кызуу иш-аракеттер жүргөн, анын натыйжасында, өлкөдө терең социалдык өзгөрүүлөр болгон.

XX кылымдын 20-30-жж. Кыргызстан башка союздук республикалар сыяктуу эле социалдык-экономикалык сыноолордон ийгиликтүү өтүп, саясий-идеологиялык, коомдук-өндүрүш жана маданий маселелерин жолго коюуга аракеттерди баштаган. Бул үчүн Кыргызстандын аймагында билим берүү багытын өнүктүрүп, жергиликтүү калктын арасынан кадрларды даярдоо зарылчылыгына алып келген. Ошондой зарылчылыктын биринин жыйынтыгы катары Кыргызстанда билим берүү системасында иштөө үчүн кадрларды даярдоодо орто билим берүү окуу жайларын ачылышы менен башталган. 20-жылдарында Кыргызстандын аймагында Жалал-Абад райондук,

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



Ош жана Пржевальск уезддик, Пишпек, Токмок, Нарын уезддик-шаардык элге билим берүү органдарын уюштурулган [1, 14-б.]. Бул өтө чоң прогрессивдүү мааниге ээ болгон. Тарых көрсөткөндөй, **совет бийлигинин орношу кыргыз элинин билимге болгон кадамдарын кеңейткен.**

МТС, колхоздордун, ишканалардын ачылышы, учурга тете келген мүчүлүштүктөрдүн талаптарын канаттандыруу үчүн жаңы адистиктер керектелген. Ал адистектиртерге ээ болуу белгилүү бир денгээлде билимдүүлүктү талап кылган. Мамлекет жаны кесипти түпкү улуттун өкүлдөрүнүн өздөштүрүшүнө өзгөчө көңүл бурган жана чараларды колдоно баштаган. Болгон бардык чараларды көрүү менен бирге мүмкүн болгон шарттарды түзүү иштери тынымсыз жүргүзүлгөн. Жаңы кесипти өздөштүрүү негизинен билим берүүнүн кесиптик маңызын аныктай баштаган. Коомчулук мугалим кесип ээлерин өзгөчө талап кылган. Бул зарылчылык, 1924-жылы 25-октябрда Кыргызстандагы педагогикалык кадрларды даярдоо жана билим берүүнүн тунгучу катары билим берүү тармагына кадрларды даярдоо максатында эң алгачкы Агартуу институтут ачылган. Кыргыз Эл агартуу институту Кыргызстанда педагогикалык билим берүүнүн башатында туруп, кыргыздардын улуттук интеллигенциясынын жүздөгөн таланттуу кадрларын даярдап чыгарган.

1925-жылы Ош шаарында алгачкы мугалимдерди даярдоо максатында бир жылдык курстар ачылган. Бирок, билим алганга умтулгандардын сандык өсүшүнүн негизинде бир жылдык курстун базасында 1926-жылы педагогикалык техникум негизделген. Бул педагогикалык техникум алгачкы жолу кыргыз жана орус тилдүү мектептер үчүн кыргыз жана орус тилдүү педагогдор билим ала башташкан. Эң алгачкы педагогдор кыргыз мектептери үчүн 276, орус тилдүү мектептер үчүн 96 педагогдор мектептерде окутуучулук иштерин кеңири жүргүзө башташкан [2].

Педагогдорду алгылыктуу даярдап жаткан Агартуу институту 1928-жылы республикалык маанидеги борбордук педагогикалык техникум болуп кайрадан түзүлгөн. Кыргыз АССРинин Эл комиссарлар Коллегиясынын 1931-жылдын 30-июлундагы «Агартуу иштерин уюштуруу жөнүндөгү» токтомунун негизинде 1932-жылы Кыргызстанда мамлекеттик педагогикалык институтун ачылат. Бул Кыргызстандагы биринчи жогорку окуу жайы болгон. Андан соң 1935-жыл эки жылдык мугалимдер институту түзүлөт, анда 140 студент болсо, 1929-жылы алардын саны 195 кишиге жеткен [2]. 1934-жылы пединституттун алдында кечки бөлүм, ал эми 1937-жылдан баштап институттун алдында сырттан окуу бөлүмү уюштурулган.

1932-жылы Каракол шаарында М.Горький атындагы педагогикалык училище ачылып, 1933-жылдын 1-сентябрында бул училищага 100 адам кабыл алынган.

1932-жылдын январында Фрунзе шаарында Кыргыз мугалимдерди даярдоо курстары өз ишмердигин баштаган [1, 7-б.]. Бирок педагог адистерин даярдаган курстарда окуу иштерин жүргүзүү оор болгон. Анткени, бул окуу жайы түптөлгөн мезгилде республикада агартуучулук, билим берүү тармагы боюнча жогорку квалификациялуу жергиликтүү адистер жана педагогдор жокко эсе болгон. Кыргыз мугалимдерди даярдоо курстарына 1933-жылы 30-январында биринчи жолу алгачкы 53 студент кабыл алынып, окуу процесси башталган [2, 49-б.].

Ошентип, 1935-жылы Фрунзе шаарында мугалимдер институту, 1939-жылы Ош мугалимдер училищеси, 1940-жылы Пржевальск шаарында мугалимдер институттары ачылгандыгы бул жергиликтүү калктын дээрлик билим алууга умтулгандыгын тастыктаган. Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн кеңейиши менен ар бир областарда кадрларды даярдоонун өзүнүн педагогикалык борбору түзүлгөндүктөн, педагогикалык кадрларды даярдоо ишине өз салымын кошушту, бул мектеп мугалимдеринин жетишсиздигинин курч көйгөйүн ар бир аймактарда жоюуга өбөлгө болгон.

Ошентип, Совет бийлигинин орношу менен кыргыз жергесинде да карапайым жергиликтүү элдин сабатсыздыгын массалык түрдө жоюу маселеси жана ошондой эле билимдүү адистерди даярдоо милдети да биринчи орунга коюлган. Билимдүү адистерди даярдоо тармагында бир топ олуттуу иштер колго алына баштаган. Ал өз кезегинде кыргыз интеллигенциясынын жаңы катмарын жаратууга өбөлгө түзүп, жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоодогу бирден бир чечүүчү фактор болуп калган.

Согуш мезгилиндеги кыйынчылыктарга карабастан, тажрыйбалуу мугалимдердин фронтко кетүүсүнөн жана СССРдин борбордук райондорунан эвакуацияланган балдардын жана жаштардын Кыргызстанга келишинен келип чыккан кыйынчылыктар Кыргызстанда билим берүү системасы иштеп, анын келечеги аныктаганга түрткү болгон. Анын негизинде Кыргыз ССРинин Эл Комиссарлар Кеңешининин 1944-жылдын 15-декабрындагы токтомунун жана республиканын эл агартуу Комиссариатынын 1945жылдын 19-январындагы буйругунун негизинде, 1-февраль 1945-жылы кыргыз кыздарынан мугалимдерин даярдоо боюнча педагогикалык окуу жайы ачылган. Бул, окуу жайдын ачылышы мугалимдерди даярдоону өркүндөтүү ишинде маанилүү кадам катары кабылданган. Өзгөчө, Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Фрунзе шаарында Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык окуу жайы уюштурулгандыгы кыргыз кыздарынын билимге болгон умтулуусунун далилдеген. Ошентип, учурдагы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жолу Улуу Ата Мекендик согуштун катаал күндөрүндө башталган. Инс-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



титутка эн алгачкы кабыл алуунун жылдык планы 100 адамды түзгөн. Окуу жайда 15-17 жаштагы жети жылдык билими бар кыргыз кыздары кабыл алынган [2, 47-б.]

Кыргызстандын мугалимдеринин басымдуу көпчүлүгүндө орто билими да жок болчу. Мисалы, 1945-жылы жалпы республика боюнча, жогорку билимдүү 999 мугалимдин ичинен - 879 мугалим бүтпөгөн жогорку билими, анын ичинен - 228 кыргыз; орто билимдүү - 4255 мугалимдин ичинен кыргыздар - 1423; бүтпөгөн орто билими бар - 6614 мугалимдин ичинен кыргыздар - 4029 түзгөн [2, 47-б.].

Мисалга алсак, 1944-1945 окуу жылына кошумча 2640 мугалим талап кылынган, анын ичинен кыргыз мектептери үчүн 1013 мугалим жетишпеген.

Кыргыз орто мектептеринин онунчу класстарынан чыккан кыргыз тилдүү, окуучуларынын саны ЖОЖдорунун керектөөлөрүн канааттандырган эмес. Алсак, 1940-1941 окуу жылында онунчу класстарды бүткөндөрдөн кыргыздардан - 17, 1941-1942 окуу жылында - 38, 1942-1943 окуу жылында - 42, 1943-1944 окуу жылында 100 бүтүрүүчү болгон [3]. Мындай абалдын натыйжасында республикалык өкмөт союздук өкмөттү республикадагы ЖОЖдордун алдында институттарда кыргыз тилдүү окуучулар үчүн даярдоо курстарын ачууга уруксат берүүгө жолдомо жөнөткөн.

Согуш жылдарында педагогикалык окуу жайлар, мугалимдер жана педагогикалык институттар аркылуу 1199 адам, алардын ичинен кыргыздар - 321 жана 5 айлык курстарда - 5640 адам илгеритилген шарттар менен даярдалган [3]. Эвакуацияланып келген адистер СССРдин чыгыш бөлүгүндө билим берүү мекемелериндеги болгон жетишкендиктерди билим жаатындагы кызматкерлери менен тен болушуп олуттуу жардам беришкен. Негизинен, алар республиканын шаарларында квалификаясын жогорулатуу боюнча усулдук бирикмелерди демилгечилери болушкан жана илимий-теориялык жана усулдук адабияттар менен таанышууга мүмкүнчүлүк алышкан.

Биздин ЖОЖдордун жана атайын орто окуу жайлардын ишиндеги кемчиликтердин бири болуп жергиликтүү улуттагы адистерди даярдоонун жетишсиздиги, окуу жайлардын профессордук-окутуучулук кадрлар менен начар камсыздалышы, ошондой эле окуу-өндүрүштүк базанын жана турак жай-сатуу шарттарынын канааттандырарлык эмес абалы; студенттердин шарттарынын жоктугу болгон. Ал эми, мектептердин ишиндеги кемчиликдин негизгиси болуп мугалимдердин окуу-методикалык иш кагаздары менен начар камсыздалгандыгы жана окуучулардын окуу шарттарынын (бул жагдай баарыбызга маалым болгондой согуш мезгилин эске алуу зарылдыгы бар) [4].

Белгилей кетсек, жогорку педагогикалык билим берүүнүн пайда болушу жана калыптанышына кыргыз коомундагы коомдук-саясий, этномаданий трансформациялар оз таасирин тийгизген. Албетте, бул Совет мамлекетинин жалпы тарыхый өнүгүү шарттарында болуп өткөн процесс болгон. ЖОЖдо педагогикалык билим берүү мамлекеттин билим берүү, илим жаатындагы саясатынын ажырагыс бөлүгү болуп, анын максаттарын, милдеттерин аныктап, билим берүүнүн структурасы жана мазмуну коомдун өнүгүүсүнө тектеш болгон.

1945-1951-жылдар аралыгында кыргыз кыз-келиндер педагогикалык училищесинде окуу процесстеринин ийгиликтүү уюштурулушу жана алгачкы ишмердүүлүгүнүн кадам таштоосуна салымын кошкон инсандардын бири болуп биринчи директору Джолдошева Акима Оторбаевна болгон.

Джолдошева Акима Оторбаевна педагогикалык училищенин директору болуп иштеп турган учурда башталгыч класстардын мугалимдерин даярдап чыгаруу максатында бир катар алгылыктуу иштерди аткара алган**.** Өзгөчө, анын материалдык базасы кыйла кеңейген жана сапаттык жактан жакшырган.

1951-1954-жылы Кыргыз кыз-келиндер мугалимдер институтунун директору болуп Жумагүл Мусаева эмгектенген. Ж. Мусаеванын алдында институтта окуу процессин биринчи жолу өзгөртүп түзүү жүргүзүлгөн. Жаңыланган окуу программасынын негизинде үч жылдан кийин мугалимдер институту алгачкы 82 адистерди чыгарып, алар жети жылдык мектептин мугалимдеринин квалификациясын алышкан. Белгилей кетчү нерсе, кийинки жылдарда бул жети жылдык мектеп мугалими квалификациясы, балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша башталгыч класстардын мугалимдери деп бөлүнгөн.

1950-жылы Кыргыз ССРинин Министрлер Кеңешинин 24-октябрындагы токтомунун негизинде 1950-жылы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык окуу жайы 3 жылдык окуу мөөнөтү менен Кыргыз кыз-келиндер аялдар мугалимдер институту болуп кайра түзүлгөн. Мугалимдер институту өз ишмердиги менен республикада педагог кесибинде окуган студенттердин санынын көбөйүшүнө өбөлгө түзгөн. Ошентип, согуштан кийинки беш жыл ичинде педагогика кесибине ээ болгон контингент 2,7 эсеге көбөйүп, 1950-51-окуу жылында 575 адам, ал эми педагогикалык окуу жайлардын окуучулары 2,7 эсе көбөйүп, 4016 адамга жеткен [5].

1950-жылы түзүлгөн, жети жылдык мектептер үчүн мугалимдерди даярдоодо маанилүү ролду ойноган мугалимдер институту жалпы орто билим берүүгө багытталган элдик билим берүүнүн жаңы багыттарынын талаптарына жооп берүүгө болгон аракеттери колдонулган. Окуу-методикалык колдонмолор, билм алууга керектөөлүчү окуу каражаттарын менен камсыздоо аракеттер көрүлгөн. Педагогикалык институтун курамында тарых, филология, физика-математи-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



калык, география жана «химия» кошумча адистиги бар биология, чет тилдер факультеттер болгон жана бул багыттаргы педагог мугалимдер даярдалган.

1952-жылдын 22-июлундагы Министрлер кеңешинин төрагасы И.Сталин кол койгон СССР Министрлер Кеңешинин буйругу менен мугадимдер институту –педагогикалык макамы жана Кыргыз ССРинин Министрлигинин чечими менен 1952-жылдын биринчи сентябрында институтка акын В.В. Маяковскийдин ысымы ыйгарылган [6, 8-б.]. Институтту кайра уюштуруу каржылык чыгымдарды талап кылган. Ошондуктан, 1952-жылдын 5-августундагы токтому менен республиканын Министрлер Кеңеши Финансы министрлигин 1952-жылы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтуна окуу жана чарбалык жабдууларды сатып алууга 200 миң рубль бөлүп берүүгө милдеттендирген. Кыргыз ССРинин Агартуу министрлиги ЖОЖдун имаратын капиталдык оңдоого кошумча каражат табышы керек болгон [6, 8-б.].

Албетте, педагогикалык кадрларды даярдоодо ректорлордун ролу чон болгон. Кулипа Токтомамбетова 1954-1963-жж., 1963-1976-жж. тарых илимдеринин кандидаты Абдуазизова Нарпаша Хусамбаевна Өкмөт тарабынан кызмат орундарына дайындалышкан. Бул жылдары ректорлордун уюштуруу жөндөмдүүлүктөрүнө, коомдук ишмердүүлүктөрүнө, тарбиячылык ишти жана окумуштуулукту өз ара тыкыс байланыштыра билгендиктеринен, институттун иштери жөнгө салынып, студенттердин, профессор-окутуучулар курамы, илимий даражасы жана илимий наамы бар адистердин саны үч эсеге көбөйтө алышкан. Жалпысынан, 18 кафедра түзүлгөн, алар жогорку окуу жайындагы окуу процесстерин камсыз кылган жана координациялаган. 1965-жылы педагогикалык институтунда үч миң студент билим алган. Ошого жараша профессордук-окутуучулук курамынын саны да өскөн. Эгер 1966-жылы институтта бир дагы илимдин доктору эмгектенбесе, 1970-жылдары 3 илимдин доктору, мындан тышкары окуу жайда 47 илимдин кандидаты жана доценттер иштеген. Окуу жайда мындай шарттарды жолго коюу маселеси Н.Абдуазизованын жетекчилиги астында ишке ашырылган. Институттун материалдык базасы да жакшырып, жаңы окуу имараты салынып, 250 жана 350 орундук эки жатакана пайдаланууга берилген [6, 9-б.].

1977-жылдан 1987-жылга чейин кыз-келиндер педагогикалык институтунун ректору Татыбекова Жанетта Саймасаевна, ал эми, 1987-1992-жылдары Ачылова Рахат Ачыловна ректорлукту аркалашкан.

Ректор болуп иштеп турган мезгилде, алар педагогикалык да, башкаруучулук да, илимий-изилдөө иштерин да ийгиликтүү айкалыштыра алган. Кыргыз элинин чыгаан айымдары ректорлукту аркалаган мезгилде өлкөбүздө педагогикалык кадрларды даярдоодо алгылыктуу ийгиликтерге жеткен десек жаңылышпайбыз. Билим берүү – бул үзгүлтүксүз процесс болгондуктан, алардын күч-аракеттеринин негизинде бир нече муундардын билим-илимий потенциалын калыптандырганга жетишишкен, алар педагогикалык окуу жайларда алган билимдери менен Кыргызстандын өз учурунда мезгилге тектеш социалдык-экономикалык процесстердин өнүгүшүнө зор салым кошушкан.

**Адабияттар:**


1. Рахимова М.Р. Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки тарбия системасынын өнүгүшү 1917-1992-жж. - Б., 1993. - 205 б.
2. Подготовка педагогических кадров. ЦГА. КР. 350.ОП.14. Д.1073. Л.289-290.
3. Отчет Нарком Просвещения. О педагогических кадрах. ЦГА КР политдокументации Ф.56. ОП.33. ед.кр. 391, л.4-5.
4. Культурное строительство Кыргызской ССР: Стат. Сборник. - Ф., 1957. - С. 47.
5. ЦГА Киргизской ССР. ф. 1451, оп. 1 д, 6. 104-105. Копия.
6. Асанканов А., Маанаев Э.Ж.., Усупова Н.С. Кузница педагогических кадров. - Б., 2002. - 8-б.
7. Кенан А. Сравнительная педагогика. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. №. 1. С. 246-249.